| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА** |

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин**
**VII чакырылышындагы V сессиясы**
**Токтом**

**2024-жылдын 26-июну №23** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнө караштуу Туура-Суу айылын кеңейтүү максатында трансформацияланып жаткан 12,5 га жер аянтынын картасын бекитүү жөнүндө.**

---

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодексине" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн айыл чарба жана мал чарбасы боюнча адис А.Ибраевдин сунушун угуп, талкуулап жергиликтүү Кеңештин сессиясы ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнө караштуу Туура-Суу айылын кеңейтүү максатында трансформацияланып жаткан 12,5 га жер аянтынын картасы бекитилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Г.Садыровага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча комиссиянын төрагасына тапшырылсын.

**Төрага** **Р.Белекова**

**Катчы** **Г.Садырова**